**УДК: 4:494.3-56:415.414**

**ЧЫЛАНБЕКОВА Н.**
*И. Арабаев КМУ, Бишкек*
***Chylanbekova N.***
*I.Arabaev KSU, Bishkek*

# МАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН АЙРЫМ ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## Некоторые теоретические проблемы формирования культурной компетентности

## Some theoretical problems of formation of cultural competence

***Аннотация:*** *макалада тилдик, коммуникативдик жана маданий компетенциялардын окутуу процессиндеги баалуулугу тууралуу свз болот. Педагогикалык маданият, баарлашуу тушунуктвру аркылуу окуучуларга ар тараптуу тарбия беруунун алгылыктуу жактары иликтввгв алынды. Студенттердин маданий квмпетенттуулуктврун калыптандыруу багытында окутуучу учун зарыл болгон педагогикалык теориялык маселелердин ичинен педагогикалык баарлашуу жана педагогикалык маданият тууралуу свз кылып, алардын педагогдук ишмердуулуктв алган орду мааниси жана ролу жвнундв маалыматтарды беруугв аракеттендик*

***Аннотация:*** *в статье идет речь о значимости языковых, коммуникативных и культурных компетенций в учебном процессе. Исследуя педагогические теоретические проблемы, а в них - вопросы педагогического общения и педагогической культуры, необходимые для преподавателя в процессе формирования культурной компетентности студентов, автор в своей работе определяет их место, значение и роль в педагогической деятельности.*

***Annotation:*** *the article deals with the importance of linguistic, communicative and cultural competence in the educational process. Exploring the pedagogical theoretical problems, including questions of pedagogical communication and pedagogical culture, necessary for the process of teaching in the formation of cultural competence of students, in an attempt to determine their place, value and role in teaching activities.*

***Негизги свздвр:*** *маданий компетенттуулук, окутуу, тарбиялоо, внуктуруу тилдик жана коммуникативдик компетенттуулуктвр, квндум, педагогикалык баарлашуу, педагогикалык маданият, адом таануу, инсанды калыптандыруу, таалим-тарбия беруу коммуникация, бирдиктуу педагогикалык процесс, гностикалык жвндвм, кеп ишмердуулугу профессионалдык ишмердуулук.*

.

***Ключевые слова:*** *культурная компетентность; обучение; воспитание; развитие; языковая и коммуникативная компетентность; навык; педагогическое общение; педагогическая культура; человековедение; формирование личности; коммуникация; единый педагогический процесс; гностическая способность; речевая деятельность; профессиональная деятельность.*

***Keywords**: cultural competence, training, upbringing, development, linguistic and communicative competence, skills, pedagogical communication, pedagogical culture, humanity, formation of personality, communication, single pedagogical process, speech activity, professional activity.*

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуп-уйретууде студенттердин маданий компетенттуулуктерун калыптандырып еркундетуунун мааниси чоц. Окутуу, тарбиялоо жана енуктуруу процессинде маданий компетенттуулук тилдик жана коммуникативдик компетенттуулуктерден белунбестен, алар менен биримдикте, ез ара карым-катышта жургузулушу шарт. Тагыраак айтканда, тилдик жана коммуникативдик компетенциялар тууралуу студенттер канчалык кеп билип, алар боюнча канчалык кендумдврге ээ болсо, маданий компетенттуулук женунде да маалыматтарга ээ болушат. Эз кезегинде студенттердинин маданий компетенцияларды мыкты билуулеру тилдик, коммуникативдик компетенттуулуктерун да арттырууга ебелге тузет. Кыргыз тили сабагынын окутуучусу студенттерде маданий компетенттуулукту калыптандырып, жакшыртуу учун езу маданият боюнча педагогикалык, психологиялык зарыл маалыматтарга эгедер болуп, аларды сабак процессинде максаттуу колдоно билуу кендумдоруне ээ болушу зарыл.

Маданият, маданий компетенциянын башаты, негизги езегу кеп маданиятынан башталат, кеп маданияты менен байланышта каралат, окутулат. Билим берууде, кыргыз тилин окутууда окутуучу педагогикалык баарлашуу жана педагогикалык маданият тууралуу бир катар теориялык маселелерди жетик билуусу керек. Мында биз педагогикалык баарлашуу жана педагогикалык маданият тушунуктеру боюнча педагогика жана психология илимдеринин иликтеелеруне кыскача токтолобуз.

Педагогикалык баарлашуу жалпы баарлашуунун составдык бир белугу болуп, педагогика жана психология илимдеринде изилденет. Ар бир илим ез максат-милдетине жараша иликтеелерду жургузуу менен, алар бир максатты - адам таануну, инсанды калыптандырууну,

таалим-тарбия берҮҮНҮ кездейт. Ошондуктан студентгерде маданий компетенттуулукту калыптандырууда окутуучу аталган илимдердин корутундуларын бирдей колдонууга милдеттуу болуп саналат.

Педагогикалык баарлашуунун табиятын, езгечелугун жана кызматын толук авдап-билуу учун жалпы эле баарлашууга (общения) психология илиминин берген тушундурмелеруне кайрылуу зарыл. Аталган илим баарлашууга берилген жалпы кабыл алынган бирдиктуу бир аныктаманын жок экендигин белгилейт. Илимдеги бул керунуш баарлашунун езу татаал, кеп кырдуу жана кандайдыр бир аныктама же тушундурме менен анын табиятын толук ачып берууге мумкун болбогон коомдук-социалдык кубулуш экендигин тастыктап турат. Психология илими баарлашууну теменкудей мунездейт:

баарлашуу - татаал жана кеп кырдуу процесс ;

Баарлашуу бир эле мезгилде езуне буларды камтыйт:

баарлашуу - индивиддердин ез ара алакасы, таасири;

- баарлашуу - бул информациялык процесс;
- баарлашуу - бул адамдардын бири-бирине болгон мамилеси;
- баарлашуу - бул адамдардын бири-бирине таасир этуу процесси;
- баарлашуу - бул адамдардын бирге туйшелуусу, тынчсыздануусу;
- баарлашуу - бул адамдардын бири-бирин тушунуусу ж.б. Ошол

эле учурда психология баарлашууну коммуникация, ишмердуулук жана субьектилердин биргеликте аракет кылууларынын спецификалык формасы катары карайт. Баарлашуу менен коммуникацияынын езгечелуктерун ачып берет. "Не все виды коммуникации является общением, по любое общение является частным видом коммуникации. Общение - это частный вид коммуникации специфичный для высокоразвитых живых существ, в том числе - для человека» [1: 18]. Е.П.Ильин коммуникация менен баарлашуунун мындай езгечелуктерун ачуу аркылуу "коммуникацияны" алда канча кецири тушунук катары карап , аны эки системанын байланышы, бирдиктуу аракети деп белгилеп, бул байланыш аркылуу системтемалардын бири-бирине информацияны камтыган сигналы деп тушундурет. Коммуникация адам менен техниканын, адам менен адамдын ез ара аракеттерин тушундурген техникалык система деп билет. Алардын ичинен, адам менен адамдын ез ара аракеттери гана баарлашуу болуп саналат. Адамдардын ез ара

аракеттерин чагылдырууда коммуникация жалпы сапаттык мазмунга ээ болот. Бул тууралуу кыргыз тили окутуучусу кабардар болушу кажет.

Педагогикалык баарлашуунун негиздери жалпы эле баарлашуунун табиятына таянат. Педагогикалык баарлашууга педагогика жана психология илимдери ез аныктама-тушундурмелерун берип келет. Педагогика педагогикалык баарлашууну бирдиктуу педагогикалык процессте окутуучу менен окуучунун кесиптик баарлашуусу катары карап, анын эки багытта: окуучулар менен мамиле тузуу, уюштуруу жана окуучулардын баарлашуусун башкарууну еркундетуу учун жургузуле тургандыгын белгилейт. Педагогикалык баарлашуунун структурсын аныктап, мунездуу жактарын керсетет.

Баарлашуунун коммуникативдик тараптарын баарлашуунун субьектилеринин информация алмашууларын тузсе, анын интерактивдуулугун ез ара мамилелелердин, карым-катыштын жалпы стратегиялык курулушу, фактыларды алмашуу, мамилелер жана биргелешкен аракеттер камсыз кылат. Ал эми педагогикалык баарлашуунун перпективдуулугун кабыл алуу, ездештуруу, тушунуу, баарлашууга катышкандардын бири-бирине берген баалоо процесстери тузет.

Педагогика илими педагогикалык баарлашууну окутуунун жана тарбиялоонун методдорунун ык-жолдорунун структурасы деп билет. Окутуунун максаттарын ишке ашыруунун да ыгы болуп саналат. Педагогикалык баарлашуу окутууда информациялык, езун-езу презентациялоо, интерактивдуулукту камсыз кылуу, социалдык таанып-билуучулук функцияларды аткарат [2: 656-657].

Психология педагогикалык баарлашууну мугалимдин окуучулар менен ошондой эле ата-энелер менен тарбиялык жана белгилуу бир педагогикалык максаттарды кездеген профессионалдык баарлашуусу деп билет. Педагогикалык баарлашуунун жардамы менен билим, билгичтиктер гана берилбейт, алар менен бирге окуучунун инсандык касиеттери езгерет, ез ара тушунушу калыптанат. Баарлашуу - эки тараптуу процесс, адамдардын ортосундагы ез ара байланыш. Ошондуктан мугалим окуучу менен баарлашуу аркылуу аларга таасир этуу менен чектелбестен, окуучулар мугалим менен баарлашуу аркылуу мугалимдин езуне да таасир этип, анын аракеттери, сезун ж. б. езгертууге мажбурлайт.

Педагогикалык баарлашуунун натыйжалуулугу, баарыдан мурда, мугалимде коммуникативдик, гностикалык жана экспресссивдик кендумдердун болушу менен шартталат. Аталган кендумдердун ар бирине кыскача токтололу.

Мугалимдин коммуникативдик мыкты кендумдеру анын окуучулар, педагогикалык коллектив, жетекчилер жана окуучулардын ата-энелери менен тил табышы, суйлеше алышына байланышуу болот. Психология мугалимдеги коммуникативдик кендумдерду 3 группага белуп, талдайт. Алар: жеке коммуникативдик кендум, дидактикалык кендум жана чечендик кендум. Жеке коммуникативдик кендумге теменку сапаттар кирет:

мугалимдин адамдар менен алака тузуу, суйлеше алуу жендему.

Мугалимдин башкалар менен иштиктуу жеке эмоционалдык мамилелерди тузе алуу жендему. Бул жендемдер мугалимге мыкты уюштуруучулук иш-аракеттерди жургузууге, сабакта психологиялык жагымдуу жагдайды тузууге. сабактын натыйжалуулугун арттырууга жардам берет.

Мугалимдин дидактикалык жендемуне анын окуучулардын ац-сезимине окуу материалдардын тушунуктуу жана жеткиликтуу бере алуу мумкунчулуктеру кирет. Бул бардык эле мугалимдерде, бардык эле сабактарда боло бербейт. Анткени мында теменкудей маселелер кепчулук учурда чечилбей кала берет:

- Мугалим окуучуларга кайсы материалдар берилишин так билбейт;
- Мугалим окуучуларга эмне берууну билет, бирок аны кантып беруунү так билбейт.

Мугалим окуучунун кетирген катасын кантип ондоонун жолун билбейт;

Мугалим ар бир окуучуну кулк-мунезуне жараша кандай жекече мамиле кылууну, кандай сез айтуунун так билбейт ж.б.

Демек, мугалимде дидактикалык жендемдун болушу учун, керсетулген маселелердин иштеесун талап кылат. Аталган жендем сапатка толук эгедер болуш учун мугалим мына булар боюнча да белгилуу кенугуулерге ээ болушу талап кылынат. Мугалим, баарыдан мурда окуучуларда езунун предмети боюнча кызыгууларын жаратып, ага болгон езунун инсандык, педагогдук берилуусун бере алууга аракеттерди кылышы керек. Ал учун мугалим езу етуп жаткан окуу материалдарынын татаалдыгын жана жеткиликтуу болушун тактап алуусу шарт. Мугалим окуу материалдарын беруу боюнча ез билимине, мумкунчулуктеруне гана таянбастан, ириде окуучунун ал материалдарды кабыл алуу, тушунуу, ездештуруу жана колдонуу мумкунчулуктеруне артыкчылыктуу маани беруусу зарыл.Тилекке

карты, бул жагдай дайыма эле, баардык мугалимдер тарабынан эске алынбай келет.

Мугалимдин гностикалык жендему анын ар бир окуучуну, бутундей классты жакшы билиши, педагогикалык ар турдуу кырдаалдарды жана ез ишмердуулугун, алардын натыйжаларын анализдеп, талдай билуу кендуму менен байланыштуу тушундурулет. Мында мугалим окуучулардын тапшырмаларды аткарууларын, кенуугулерду иштеелерун, оозеки суйлешуулерун тынымсыз байкоого алып алардын иште кетирип жаткан типтуу ката, кемчиликтерин жана алардын болуу себептерин аныктоого аракеттерди кылуусу талап кылынат.

Гностикалык жендемге ээ болуу учун мугалим ез предмети боюнча илимий методикалык, илимий адабияттарды колдоно билуу кендумдеруне ээ болуп, сабак процессинде эц женекей болсо да эксперименттик иштерди жургузуп, ез натыйжаларын талдап, алардын дурус жана кемчилик жактарын аныктай алышы керек. Алар кийинки сабактын сапатын жогорулатууга кызмат кылышы шарт.

Мугалимдин экспрессивдик жендему да окутуу-уйретуу иштеринде езунче мааниге ээ. Эксперессия - бул билдируу, жеткируу. Мында мугалимдин ез позициясын, ез эмоциясын билдире алышы биринчи планга чыгат. Мугалим ез эмоциясын суйлеген сезу, мимикасы, жансоо - ымдоосу, баскан турганы, кыймыл-аракети, а тугул кийген кийими жана чач жасалгасы да аркылуу билдирет. Экунучтуусу, бул тууралуу бардык эле мугалимдер ойлоно беришпейт. Кепчулук сабактар салттуу нукта, салттуу методдор менен етулуп мугалимдин инсандык, педагогдук сапат- касиеттери анча байкалбайт. Айрым мугалимдер ез сабагында етуп жаткан окуу материалдарына устуртен мамиле кылышып, ездук позициясы байкалбайт. Бул сыяктуу алгылыксыз керунуштерден мугалим арылышы зарыл [1: 313-315].

Профессор А.С.Райымкулова мугалимдердин педагогикалык баарлашуу жендем, сапаттарын еркундетууге карата бир катар кецештерин берген. Аларга кыскача токтолуп, талдайлы.

Биринчи, окуучунун сезим дуйнесуне таасир этуу жендемдуулукту естуруу. Биздин оюбузча, бул натыйжалуу окутуунун негизги дидактикалык шарттарынын бири болуп саналат. Педагогикалык баарлашууга коюлуп жаткан талаптар бизге езгече маани берет. Мугалим окуучуга билим, таалим - тарбия беруу учун окуучуну билип, ага таасир этип, окуучунун суроо-талаптарын, муктаждыктарын билиши зарыл.

Экинчи, оптимистик прогноз жасоо жендемдуулугуне к©цул буруу. Окуучу, барыдан мурда, есуп келе жаткан еспурум бала. Анын ез акыл- эсине, жендем-шыгына, кыялына жараша максаттары болот. Мугалимдин негизги милдети окуучунун максатын тактап, аны бекемдеп, турмушка ашыруусуна комок керсетуу болуп саналат.

Учунчу езунун эмоцияналдык децгээлин калыптандыруу. Таалим-тарбия беруу иштери мажбурлоосуз, кысымсыз жана кыйноосуз жургузулушу педагогиканын негизги талаптарынан. Демек, мугалимдин эмоциясы: аракеттенуусу, ынтызарлыгы, кубануусу, куштарлыгы, тынчсыздануусу ж.б. сабакта байкалып турат.

Тертунчу, езунун адамдык жана профессионалдык касиеттерин корсете алуу. Сабакта психологиялык жагымдуу жагдайды тузуу, окуучулардын эркин, ез алдынча аракеттенуулеруне шарт тузуу толугу менен мугалимдин ишмердигине коз каранды.

Бешинчи, кеп ишмердуулугун активдештируу, маекти кеп колдонуу. Азыркы сабак инсанга багытталып, интерактивдуу нукта еткезуу талап кылынып келет. Мында суроо-жооп, проблемалык кырдаал, окуучулардын активдуулугу алдьщкы орунга чыгат.

Алтынчы, адамзаттык рухий байлыктарга таянып баарлашууну алып баруу. Таалим - тарбия беруу, анын ичинде, кыргыз тилин окутуу улуттук жана жалпы адамзаттык деелеттерге кайрылуу менен жургузуулерун эске алак, бул кенештин мааниси аныкталат.

Жетинчиден, езун жана окуучусун баарлашуу процессинин тен укуктуу субьектилери катары кароо. Чындыгында, сабак процессинде педагогикалык баарлашууда мугалим менен окуучунун орду алардын ез ролдорун (мугалим, окуучу) мыкты ойногондуктары менен чектелип келе жаткан жашыруун эмес. [3:15].

Педагогикалык баарлашуу, педагогикалык такт тууралуу жетиштуу маалыматтарды алып, аларды ез практикасында колдонуу учун мугалим бул маселе боюнча окумуштуулар В.А.Кан-Калиптин, А.Н.Леонтьевдин ж.б дидактикалык белгилуу эмгектери менен тааныш болушу талап кылынат.

Студенттерде маданий компетенттуулукту калыптандырып, еркундетууде окутуучу учун педагогикалык баарлашуунун табиятын билуу кандай зарыл болсо, педагогикалык маданият боюнча да жетиштуу тушунуп, кендумдеру болушу керек. Биз педагогикалык маданият тушунугу тууралуу кыскача маалымат берели. Педагогика илиминин берген туундурме-аныктамасы:«Педагогическая культура - существенная часть общечеловеческой культуры, в которой в

небольшой степени запечатались духовные и матеральные ценности, а так же способы творческой педагогической деятельности модел, необходимые человечеству для обслуживания исторического процесса смены поколении и социолизации (взросления, становления) личности [5: 197]. Керунуп тургандай, педагогикалык маданият жана адамзаттык маданияттын маанилуу белугу катары коомдо, таалим - тарбия берууге езунче жук кетеруп, социалдык маанилуу миссияны аткарат. Б.а., ал муундардын татыктуу алмашуусун камсыз кылып, инсанды социалдаштырууга, калыптандырууга кызмат кылат.

Педагогикалык маданият ар турдуу децгээлдерде каралып, социалдык - педагогикалык, кесиптик - педагогикалык, инсандык маселелерди камтый алат. 1) Педагогикалык маданият муундар аралык мамилени сактап, социалдык-педагогикалык тажрыйбаларын беруучу коомдун социалдык чейресу катары каралат. 2) Жалпы адамзаттын жана улуттун рухий маданияттык белугу катары таанылат. 3) Педагогикалык теорияларды, педагогикалык ой жугуртуулерду, педагогикалык ац-сезимди, практикалык ишмердуулуктун маданий улгулерун ичине камтыган педагогикалык баалуулуктардын жыйындысы катары бааланат. а) Педагогго болгон коомдук таланты ез ичине камтыган педагогдун профессионалдык ишмердуулугу болуп саналат. б) Мугалимдин, тарбиячынын, ата-эненин педагогикалык позицияларын бириктирген инсандын касиети катары каралат. Мындан улам педагогикалык маданият педагогго гана тиешелуу же мунездуу сапаттарды туюндурбастан жалпы эле улуу адамдардын коомдогу педагогдн милдеттерин да ез ичине камтыйт. Демек, педагогикалык маданият мугалим милдеттуу турде ээ болуучу педагогикалык кендумдерге, сапаттарга ээ болуусу зарылдык деген тыянак чыгарууга болот.

Педагогикалык маданиятка ээ болгон педагог теменку педагогдук маселелерди чечууге теориялык жактан даяр болот:

Жалпы педагогикалык-психологиялык маданиятты еркундетууге;

Студенттердин педагогикалык-психологиялык ой жугуртуусун, кеп ишмердуулуктерун жана улгулуу журум-турумдарын калыптандырууга;

Эз алдынча окууга жана езунун мумкунчулуктерун туура баалай билууге уйретууге;

Студенттин ички интеллектуалдык, эмоционалдык активдуулугун, аналитикалык жана сынчыл ой жугуртуусун стимулдоого ж.б [4: 5].

М.Д. Айдарова педагогикалык маданиятка мындай тушудурмелерду берген:

- педагогикалык маданият - мугалимдин педагогикалык иш-аракетинин креативдуулугунун сапаттык керсеткучу, индикатору;
- педагогикалык маданият - бул натыйжа гана эмес, мугалимди кандай езгертсе, студентти да ошондой эле езгерткен процесс.
- педагогикалык маданият - мугалимдин чыгармачыл ой жугуртуусун калыптандырууга таасир этуучу каражат [5: 5].

Студенттердин маданий компетенттуулуктерун калыптандырууда мугалим куралдануучу педагогикалык теориялык маселелердин ичинен педагогикалык баарлашуу жана педагогикалык маданият тууралуу сез кылып, алардын педагогдук ишмердуулукте алган орду, мааниси жана ролу женунде маалыматтарды беруугe аракет кылдык. Албетте, маданий компетенттуулукту калыптандырып, еркундетуунун теориялык маанилери жогоркулар менен гана чектелип калбайт.

***Адабияттар***


1. Ильш.Е.П Психология общения и межличностных отношений. - СПб: Питер, 2014. - 576 с.
2. Коджаспирова Г.М. Педогогика: учебник. - М.: КНОРУС, 2010. -744с.
3. Педогогикалык баарлашуу : Окуу методикалык колдонмо. Тузгон: Раимкулова А.С, Бишкек, 2004. -16 б.
4. Айдарова М.Д. Педогогикалык маданият . - Бишкек, 2011. -64 б.
5. Педогогический словарь. - М:"Амазония", 2008. -325 с.